МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Кириш сөз

Сөгүнбөй койсо болобу?
Же сөгүнгөн адам озобу?
Сөгүнбөй койсо болбойбу?
Же коом аларды кошпойбу?

Сөгүнүү бул адатпы?
Же ал бир жаман сапатпы?
Бул адат кийин калабы?
Же сөгүнүп сүйлөө «модабы»?

Сөгүнгөндү кайдан үйрөтөт?
Жаш балдар кимден үйрөнөт?
Чоң, кичине баарысы
Неге сөгүнүү кошуп сүйлөшөт?

Жигиттиктин «белгиси» сөгүнүүбү?
Же сөгүнүү «зор» болуп көрүнүүбү?
Же болбосо сөгүнгөндөр кыйынсынып,
Коомдо орду болуп «өзгөчөлөнөбү»?

Сөгүнсө болобу мектепте?
Билим алганы келбейби мектепке?
Эркеги, кызы сөгүнөт
Кандай муун чыгат келечекте?

Ата- эне, мугалим таасир этсе оңолобу?
Тарбия берип жашынан сөгүнтпөй койсо болобу?
Бул көйгөйдү келечекте чечсе болобу?
Же бул көйгөй түбү жок «терең ороо бу?»

Мына ушундай суроолор жүрөгүмдү өйүүдө,
Сөгүнгөн сөздү укканда жан -дүнүйөм кейүүдө.
Айланама саресеп салып карасам,
Сөгүнүп сүйлөгөндөрдүн саны күндөн- күнгө өсүүдө.

Муну мындай таштабаш керек,
Күрөшүүнү башташ керек.
Ата- эне, мугалим, коомчулук
Буга кайдыгер карабаш керек.

Негизги бөлүк.

Байкашымча бул адат,
Үй – бүлөдөн башталат.
«Энесин» кошуп сөгүнсө,
Атасы баласын кубаттайт.

« Менин балам чоңоюп,
Жигит болду,»- деп мактанат.
Муну укkан жаш балдар,
Сөгүнгөндү кадимки көрүнүш катары кабыл алат.

Сөгүнүүнүн бир канча себеби бар:
Аны менен чыгат экен эмоциялар.
Ачууланса, ызаланса, зомбулук кылса,
«Оозунан ак ит кирип, көк ит чыгар».

Сөгүнүү бийлик, күчтүн белгиси дейт,
Сөгүнгөндөр башкалардан үстөм дешет.
Кыйынсынып, окуучулардын арасында
Кандайдыр абройго ээ болот дешет.

Жашоодо коркок, ызакор адам,
Алар да сөгүнүүгө болот «курман».
Ага болгон үстөмдүккө чыдай албай,
Ызасын сөгүнүүдөн чыгарышкан.

Мектепке кадам таштап, жаңы келген.
Кээ бир балдар сөгүнгөндү кыйын билет.
«А» тамгасын таанышып, жакшы билбейт.
Ар сөзүнө сөгүнүүнү кошуп сүйлөйт.

Жаш бала жазыла эле ак баракtай,
Көргөнүн, укканын алат ылгабай.
Чөйрөсүндө сөгүнгөн сөздөрдү угуп,
Аларды үйрөнүп алат, талдай албай.

«Энесин» кошуп сүйлөсө атасы,
Жаш бала карап турабы?
Ушинтип сүйлөсө болот экен деп,
Сөгүнүп сүйлөйт ал дагы.

«Эркекчилик» деген ушул сапат,
Үй- бүлөдө сөгүнүүдөн башталат.

Тыюу салып койсо ошол замат,
Токтоп калат ко бул адат.

Тили араң чыккан жаш бала,
Сөгүнүп сүйлөйт адатта.
Биздин бала чоңойду деп,
Ата- эне кубаттайт маашырлана.

Байкелери жаш баланын,
Алар да үйрөтөт сөгүнүү «сырларын».
Көчөгө чыгып ойносо,
Досторунан угат мунун баарын.

Ошентип ата, байкелер «үлгү» болот,
Жаш бала аларды көрүп колдонот.
Коом, чөйрө, достору
Байкабастан сөгүнүүнү үйрөтүп коёт.

« Аккан арыктан суу агат»,
Ошентип пайда болот сөгүнүү адат.
Сөгүнгөндү кадыресе көрүшүп,
Бул нерсенин жаман илдет экенин сезбей калат.

Мектепте мугалимдер сөгүнүшпөйт,
Жаш балдар чоң балдардан үйрөнүшөт.
Тыныгууда достору менен сүйлөшкөндө,
Сөгүнүүнү кошуп сүйлөйт ар бир сөздө.

Мугалимдер сөгүнүүгө тыюу салат,
Окуучулар алардын алдында «тилин тыят».
Абайлап, сөгүнүп албайын деп,
Окуучу ар бир сөзүн таразалайт.

Сөз- кудурет, сөз- керемет,
Жакшы сөзгө не жетет?
Сөгүнүп сүйлөө- жаман илдет,
Жан – дүйнөнү кейитет.

Сөгүнүп сүйлөө жаман адат,
Ортодогу мамилени да бузат.
Сөгүнүп сүйлөө жакшы сөздү жок кылат.
Аны укkан адамдарда терс пикир жаралат.

Сөз –курал, кээде дары, кээде кылыч,

Сөгүнүп сүйлөө көнүлдөргө салат «бырыш».
Сөз деген кээде балдай, кээде уудай,
Сөгүнүү көңүлдөрдү коёт уулай.

Сөгүнүү – кеп маданиятынын «булганышы»,
Акыл- эстин туманга чулганышы.
Сөгүнүү- жашоодогу жаман илдет,
Сөгүнүүдөн жан- дүнүйө калат кирдеп.

Сөгүнүп сүйлөө мезгилдин көйгөйү,
Бул көйгөй жүрөктөрдү «өйкөйбү»?
Коомчулукта сөгүнүү- адепсиздик белгиси,
Сөгүнүп сүйлөгөн адамдар урматталбайт негизи.

Сөгүнүү ишенимге, мамилеге доо кетирет,
Адеп- ахлактык өнүгүүгө терс зыянын тийгизет.
Балдар сөгүнүүнүн маанисин түшүнбөйт,
Сөгүнүүнү «крутой болуу» катары көрүшөт.

Алар билбейт бул нерсенин жаман экенин,
Сөгүнгөндөн жан- дүйнө жапа чегерин.
Мындай сүйлөөнү адат катары көрүшөт,
Сөгүнбөгөн балдарды өз тобунан бөлүшөт.

Мугалим түшүндүрүү иштерин жүргүзөт,
Бирок балдар көчөдө кенен сөгүнүп жүрүшөт.
Ар бир адам, мугалимби, ата- энеби,
Тыйып койсо, сөгүнүшпөй жүрүшмөк.

Мугалимге ата- эне көмөктөшсө,
Коомчулук биргеликте күрөшсө.
Сөгүнгөндү укандар тыя берсе,
Тамырынан жок болот ушул нерсе.

Коомчулук кайдыгер карабаса,
Бул илдетти түп- тамырынан «арааласа».
«Тарбия үй- бүлөдөн башталат»,
Тыйып койсо, токтоп калат бул адат.
Чоң апамдан угуп калгам мен бир сөздү:
« Азыр негедир «бок ооздор» көбөйдү,
Мурда биз угуп калсак сөгүнгөндү,
Ал адамды баары бирдей жек көрүшчү.

«Ата- эненин тарбиясын көргөнсүңбү?

Же көчөдө «бок ооз» болуп өскөнсүңбү?
Тилиңди тазалап алгын балам»- деп,
Элдин баары тыйып койчу сөгүнгөндү.

Азырчы!? Калк кайдыгер болуп калганбы?
Же сөгүнүүнү кадыресе сөз деп алганбы?
Кыргызча эле эмес, орусча сөгүнүүнү,
Нормалдуу көрүнүш катары кабыл алганбы?»

Чоң апамдын эстеймин дайым ушул сөзүн,
Мен деле угуп калдым көптөгөн сөгүнүүлөрүн.
Башталгыч класс окуучулары «х…», «бл…» деп,
Ар сөзүнө кошуп сүйлөйт сөгүнүү сөзүн.

Кубанса да «бл…» деп кубанышкан,
Таң калса да « бл…» деп таң калышкан.
Орустун чириген ушул сөзүн,
Өздөрүнө төл сөз кылып алышкан.

Бул жаман илдетти классымдан байкадым.
Аны менен күрөшүүгө ата- энелерди да чакырдым.
Ар бир айткан «бл…» деген сөз үчүн,
Болгону мен бир макалды жаттатым.

Жаман көрүнүштү жакшы жакка буруп жатам,
Окуучулар да, ата- энелер да кылат жардам.
Кимдир бирөө сөгүнүп сүйлөсө эгер,
Жапа тырмак күрөшөбүз өтө ылдам.

Башкаларга үлгү болгула деп чакырамын,
Сөгүнбөгөн окуучуларды дайым мактаймын.
«Маданиятуу окуучу» деген наам берем,
Сөгүнгөнү азайды окуучуларымдын.

Ата- энелер үйдөн көзөмөлдөп беришет,
Сөгүнүүгө тыюу салып келишет.
Үлгү болуп өздөрү балдарына,
Таза сүйлөөгө салым кошуп келишет.

Ушул ишти ар бир мугалим аркаласа,
Ата- эне четте турбай жардамдашса,
Сөгүнүү сөздөр азайып коомубузда,
Тилибиз «мите сөздөн» тазаланса.

Мектепте иш- чаралар өтүп турса,
Ар бир окуучу «таза» сөзгө көңүл бурса,
Сөгүнүүнү азайтып ар бир адам,
Тилибиздин тазалыгына көңүл бурса.

Ата- эне үйдөн мыкты тарбия берсе,
Окуучулар сөгүнүүнүн жаман экенин сезсе,
Агалар инилерге үлгү болуп,
«Сөгүнүү» бизден биротоло бизден кетсе.

Корутунду
Сөгүнүү бул салт эмес,
Сылыктыкка жат элес!
Тапта тилиңди мээримге,
Жашайсың анан бейпилде!

Силер ар дайым билим издегиле,
Жакшы сөз менен жан- дүйнөнү түздөгүлө!
Сөгүнгөн сөз- уят, өкүнүчкө алып келерин билгиле,
«Таза» сүйлөп, түптүз жолдо жүргүлө!

Мектеп- билим булагы,
Сөгүнүүнү биргеликте тыялы!
Ар бир сөгүнүү сөздөрүн,
«Ширин» сөздөргө алмаштыралы!

Адамдык бийик сапатты тил сактап турат, унутпа!
Сөгүнүүнү колдонбо, «жетсе да башың булутка»!
Сөгүнгөндөр «крутой» болбойт, зор болбойт,
Жакшы сөздү аябайлы бул турмушта!

Сөгүнгөндүн кадыры болбойт элинде,
Улуу, кичүү аларды албайт теңине.
Сөгүнүп сүйлөп жеткен жери ушул жер,
«Бок ооз» десе калышат алар териге.

Сөгүнгөндүн уяты болбойт бетинде,
Акылы да азыраак болот мээсинде.
Жаман сөз менен көөдөнүн алган толтуруп,
Жакшы сөзүн ичине каткан беките.

Кел окуучум, жакшы сөздү тандап сүйлө!
Сөгүнбөй айланаңды нурга бөлө!
«Жакшы сөз жан эргитет»- муну билгин,

Сөз бергин эми эч качан сөгүнбөөгө!

Кел окуучум, сөгүнүүнү жок кылалы,
Жолун бууп, айланага жайылтпайлы.
Сөгүнүүнү жакшы сөзгө алмаштырып,
Күн нурундай айланага чачырайлы!